Кыргыз Республикасынын
Жогорку сотунун
Конституциялык палатасынын
төрагасынын 2022-жылдын
«11» апрели
№ 09/од буйругуна
тиркеме

# Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун ведомстволук сыйлыктары жөнүндө ЖОБО

## 1. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун ведомстволук сыйлыктары жөнүндө ушул Жобо Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун (андан ары – Конституциялык сот) сыйлыктар тизмесин, ошондой эле алар менен сыйлоонун шарттарын жана тартибин аныктайт.

2. Конституциялык соттун ведомстволук сыйлыктары конституционализмди өнүктүрүүдө жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдуулугун бекемдөөдө Конституциялык сотунун судьяларынын жана анын Аппаратынын кызматкерлеринин эмгегин шыктандыруунун жана таануунун формасы болуп саналат.

Айрым учурларда адамдар, анын ичинде Конституциялык соттун судьялары жана анын Аппаратынын кызматкерлери болбогон чет өлкө жарандары Кыргыз Республикасынын конституциялык сот адилеттигин өнүктүрүүгө жеке салымы үчүн жана Конституциялык сотко жүктөлгөн милдеттерди чечүүдө жигердүү көмөк үчүн сыйланышы мүмкүн.

3. Конституциялык соттун ведомстволук сыйлыктары болуп Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Ардак грамотасы, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун «Ак ниет кызматы үчүн» медалы, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун «Кызматташтык үчүн» медалы саналат.

Сыйлануучуга Конституциялык соттун ведомстволук сыйлыгынын түрү эмгегине жараша ыйгарылат.

4. «Кызматташтык үчүн» ведомстволук сыйлыктан тышкары Конституциялык соттун ведомстволук сыйлыгын берүүгө кийинки сунуштама акыркы жолу сыйланганына үч жылдан кем эмес мезгилден кийин жүргүзүлөт.

Конституциялык соттун бир эле ведомстволук сыйлыгы кайталанып ыйгарылбайт.

5. Өзгөчө учурларда Конституциялык соттун судьялары жана анын Аппаратынын кызматкерлери Конституциялык соттун төрагасынын чечими

менен өзгөчө жеке эмгеги жана жетишкендиктери үчүн 3 жылдык мөөнөт аяктаганга чейин берилиши мүмкүн.

6. Тартиптик жаза чарасы алынбаган жана анысы мыйзамдарда белгиленген тартипте жоюлбаган Конституциялык соттун судьялары жана Аппараттын кызматкерлери ведомстволук сыйлыктар менен сыйланбайт.

7. Конституциялык соттун ведомстволук сыйлыктарынын көчүрмөлөрү берилбейт. Ведомстволук сыйлык жоголгон учурда сыйлоо жөнүндө буйруктан көчүрмө (буйруктун көчүрмөсү) берилет.

## 2. Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Ардак грамотасы

8. Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Ардак грамотасы (андан ары – Ардак грамота) менен узак мезгил ичинде үлгүлүү кызмат өтөгөн, Кыргыз Республикасынын конституциялык сот адилеттигин өнүктүрүүдө мерчемдүү салымын кошкон жана кызматтык милдеттерин кынтыксыз жана ак ниети менен аткарган адамдар сыйланат.

8[1]. Өзгөчө учурларда Конституциялык соттун төрагасынын чечими боюнча сыйланууга сунушталган адамдын стажын эске албастан Ардак грамота менен сыйлоого жол берилет.

Ардак грамота менен Конституциялык соттун судьялары жана аппарат кызматкерлери болбогон адамдар сыйланышы мүмкүн.

*(2023-жылдын 2-мартындагы № 02/ни буйругунун редакциясына ылайык)*

## 3. Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун «Ак ниет кызматы үчүн» медалы

9. Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун «Ак ниет кызматы үчүн» медалы менен кызматтык милдеттерин кынтыксыз аткарган, кесипкөй кызматтык ишмерликтин жогорку натыйжалары жана Конституциялык сотто 7 жылдан ашуун стажы бар адамдар сыйланат.

10. Өзгөчө учурларда Конституциялык соттун төрагасынын чечими боюнча сыйланууга сунушталган адамдын стажын эске албастан медаль менен сыйлоого жол берилет.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун «Ак ниет кызматы үчүн» медалына белгиленген үлгүдөгү күбөлүк кошо тиркелет.

## 4. Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун «Кызматташтык үчүн» медалы

11. Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун «Кызматташтык үчүн» медалы менен Конституциялык соттун судьялары жана Аппараттын кызматкерлери болбогон адамдар, анын ичинде Кыргыз Республикасынын конституциялык сот адилеттигин өнүктүрүүгө мерчемдүү жеке салым жасаган чет өлкө жарандары сыйланат.

Конституциялык соттун «Кызматташтык үчүн» медалына белгиленген үлгүдөгү күбөлүк тиркелет.

## 5. Сыйланууга көрсөтүү тартиби

12. Конституциялык соттун ведомстволук сыйлыктары менен сыйлоо жөнүндө сунуштамаларды Конституциялык соттун төрагасы карайт.

13. Конституциялык соттун судьялары, Конституциялык соттун Аппарат жетекчиси тарабынан Конституциялык соттун ведомстволук сыйлыктары менен сыйлоо жөнүндө өтүнүчтөр сунуштамалар түрүндө демилгелениши мүмкүн.

Сыйланууга сунушталуучунун конкреттүү эмгеги сунуштамада көрсөтүлөт жана тартиптик жаза чарасынын жоктугу тууралуу жазуу жүргүзүлөт.

14. Ведомстволук сыйлык менен сыйлоону уюштуруу персоналды башкаруу боюнча түзүмдүк бөлүмгө жүктөлөт.

Ведомстволук сыйлык менен сыйлоо Конституциялык соттун төрагасынын буйругу менен тариздeлет жана персоналды башкаруу боюнча түзүмү тарабынан жүргүзүлүүчү жургналда катталат.

15. Ведомстволук сыйлыкты ыйгарууну Конституциялык соттун төрагасы же анын тапшырмасы боюнча Конституциялык соттун төрагасынын орун басары, Аппарат жетекчиси жүзөгө ашырат.

16. Конституциялык соттун судьяларын жана Аппарат кызматкерлерин сыйлоо жөнүндө жазуу сыйлануучулардын эмгек китепчелерине жана жеке иштерине киргизилет.